ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 621.57.025.31.33 DOI: 10.35803/1694-5298.2020.2.319-324

**АСАНАЛИЕВ Т.М., СТАЛБЕК УУЛУ К., ТОКТАЛИЕВА А.К.**
[1]Н.Исанов атындагы Кыргыз Мамлекеттик курулуш, транспорт, архитектура университети
КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**ASANALIEV T.M., STALBEK UULU K.,**
**TOKTALIEVA A.K.**
[1]KSUCTA n. a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic
(e-mail: talaybekmalikovich@mail.ru kuralbek.91kg @mail.ru t.asel2505@mail.ru)

# БАЖЫ ТӨЛӨМДӨРҮНҮН МАМЛЕКЕТТИН КАЗЫНАСЫНДАГЫ ОРДУ

# МЕСТО ТАМОЖЕННЫХ ПЛАТЕЖЕЙ В БЮДЖЕТЕ СТРАНЫ

# PLACE OF CUSTOMS PAYMENTS IN THE COUNTRY'S UDGET

*Базар экономикасынын шартында мамлекеттин казынасына түшкөн бажы төлөмдөрдүн мааниси өтө чоң жана милдеттери ар тараптуу. Ал милдеттер мамлекетибиздин экономикасынын өнүгүшүнө түздөн түз тиешелүү. Фискалдык милдети боюнча: бажы төлөмдөрү мамлекеттин казынасынын 30-35% камсыз кылат, тагыраак айтканда жылына 42 млрд сомдон ашык бажы төлөмдөрү алынат. Ошондой эле протекциялык милдети боюнча кыргыз Өкмөтү мекендеш өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыгын көздөгөн, базар деңгээлин туруктуу кармап турган жана мамлекеттин стабилдүүлүгүн сактап турган тиешелүү токтомдорду бекитип берүүдө. Буга мисал, сырттан кирген кант азыктарына ченем киргизүүсү, айыл чарба товарларына – жүгөрү, арпанын чыгуусуна бажы пошлиналарын киргизүү болуп саналат. Кыргыз Республикасы 1998 жылы БСУ (ВТО) мүчө болуп кириши сырткы соода иштеринин жогорку темпте жүрүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Ошонун негизинде Кыргыз Республикасынын сырткы соода иштеринин ишкерлери жылдан жылга чет элдик өнөктөштөрү менен түзгөн келишимдери көбөйүүдө. Бул албетте Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен байланышын күчөтөт жана эки элдин ынтымагын бекемдейт.*

***Өзөк сөздөр:*** *товарлар, бажы төлөмдөрү, евразиялык экономикалык биримдик, акциздик салык, бажы алымдары, бажы пошлинасы, кошумча нарк салыгы, бажы тарифи.*

*В условиях рыночной экономики роль таможенных платежей велика и функции разнообразны. Эти функции тесно взаимосвязаны с экономикой страны. Для исполнения фискальной функции, таможенные органы перечисляют в бюджет сумму, которая составляет примерно 30-35 % общего дохода нашего государства, точнее в год поступает в бюджет свыше 42 млрд. сомов. Также в целях защиты отечественных производителей, внутреннего рынка и сохранения стабильности страны Правительство Кыргызской Республики издает соответствующие постановления, направленные на регулирования ввоза и вывоза товаров, путем повышения или понижения ставок импортных таможенных пошлин. Это является протекционистической функции таможенных платежей. На примере, для защиты интересов сельхозпроизводителей страны Правительством Кыргызской Республики вводится квота на ввоз сахара белого, также установления сезонных таможенных пошлин на селькохозяйтвенную продукцию – кукурузу, ячмень. Вступление Кыргызской Републики в ВТО в 1998 году создало благоприятные уловия для бурного развития внешней торговли. Исходя из этого, количество договоров, заключаемых*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*внешнеторговыми предпринимателями Кыргызской Республики с зарубежными партнерами, с каждым годом растет. Это, безусловно, укрепит связи Кыргызской Республики с зарубежными странами и укрепит единство двух народов.*

***Ключевые слова:*** *товары, таможенные платежи, евразийский экономический союз, акцизный нолог, таможенные сборы, таможенные пошлины, налог на добавленную стоимсть, таможенный тариф.*

*In a market economy, the role of customs payments is great and their functions are diverse. These functions are closely related to the country's economy. To fulfill the fiscal function, the customs authorities transfer to the budget an amount that is approximately 30-35% of the total income of our state, more precisely, it goes to the budget with over 42 billion soms per year. Also, in order to protect domestic producers, the domestic market and preserve the stability of the country, the Government of the Kyrgyz Republic issues appropriate decrees aimed at regulating the import and export of goods by increasing or decreasing the rates of import customs duties. This is the protectionist function of customs payments. Examples are the introduction of regulations on imported sugar products, the introduction of customs duties on agricultural products - corn, barley. The accession of the Kyrgyz Republic to the WTO in 1998 created favorable conditions for the rapid development of foreign trade. On this basis, the number of agreements concluded by foreign trade entrepreneurs of the Kyrgyz Republic with foreign partners is growing every year. This, of course, will strengthen the Kyrgyz Republic's ties with foreign countries and strengthen the unity of the two peoples.*

***Key wors:*** *goods, customs payments, eurasian economic union, excise tax, customs duties, customs duties, value added tax, customs tariff.*

Бажы кызматы бүгүнкү күндө бажы төлөмдөрүн алуусу менен Кыргыз мамлекетинин казынасына чон салымын кошуп келүүдө. Алгач Кыргыз мамлекети өзүнчө көз карандысыз мамлекет болуп чыкканда, алгачкы бажы инспекциясы фискалдык статусу менен мамлекеттин казынасына каражат алып келүүчү орган катары кызматын аткарган. 1994 жылдын пландык тапшырмасын ашыгы менен аткаргандыгын, Кыргыз Республикасынын президенти - Акаев Аскар Акаевич бажы кызматкерлерин куттуктап, ыраазычылыгын билдирген. 1994 жылдын бажы инспекциясына берилген пландык тапшырма болгону 326 млн. сомду түзгөн, планды 368 млн. сомго ашыгы менен аткарып Кыргыз бажы инспекциясынын жетекчиси, генерал-лейтенант Лемещенко А.С. Кыргыз Республикасынын президентинен алкыш алган. Кыргыз бажы инспекциясынын фискалдык статусу 1997 жылы бажы кызматына башчы болуп Курманалиев Доктурбек Бейшекеевич келип, бажы кызматын укук коргоо статусун киргизгенден кийин өзгөргөн. Ошондо да бүгүнкү күнү Кыргыз бажы кызматы мамлекетибиздин казынасына чон салымын кошууда. Жылына бажы органдары мамлекеттин казынасына 42-43 млрд. сомго киреше алып келет. Эгерде Кыргыз Республикасы бажы биримдигине кирбегенде бул пландык тапшырма дагы 25-30 % жогору болот эле. Бажы органдарынын жылдык пландык тапшырмасын аткаруусу Кыргыз Өкмөтү тарабынан дайыма көзөмөлдө турат. Ар бир квартал сайын пландык тапшырма бажы кызматынын коллегиясында каралып, пландык тапшырманын аткарылышына тиешелүү чара көрүлөт.

Өнүккөн мамлекеттердин казынасынын жалпы көлөмүндө бажы төлөмдөрү аз гана пайызды түзөт. Анткени ал мамлекеттерде бажы төлөмдөрүнүн негизги милдети: ички базарды жана мекендеш өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоо болуп эсептелинет. Мисалы, америка кошмо штаттарында бажы төлөмдөрүнүн көлөмү мамлекеттин казынасына түшкөн кирешенин 1,5 ке чейинки гана пайызды түзөт, ал эми Кыргыз Республикасынын казынасына чогулган бир жылдык кирешенин 30-35 пайызын бажы төлөмдөрү түзөт. СССРдин мезгилинде чет мамлекеттен товар анчалык көп санда сатып алынып келүүчү эмес. Тамак ашыбыз, кийген кийимибиз, жада калса жүргөн авто унааларыбыз да бардыгы

өзүбүздүн мамлекеттен чыкчу, СССРдин акчасы мамлекеттин ичинде гана айлануучу, бул мамлекеттин экономикасынын өнүгүүсүнө чон түрткү боло турган рычаг эле, эл чет элдин акчасын колдонмок тургай анын кандай экенин билишчи да эмес, эгерде жанындан табылып калса изилдөө жүргүзүлүп, чон чатак болоор эле. Эми минтип жашообуздагы керектүү товарлар - үй, квартира, авто унаалар жана чоң-чоң буюмдар чет мамлекеттин акчасына (доллар, евро) соода кылынууда. Себеби биз, чет мамлекеттин товарларына муктажбыз. Кийген кийимибиз, жүргөн авто унааларыбыз, жада калса тамак-ашыбыздын да көпчүлүгү, айрыкча базардагы жемиштер (апельсин, мандарин, банан жана башкалар) - чет мамлекеттики. Бардыгы чет мамлекеттин акчасына сатып келинген товарлар.

СССРдин негизги бажы саясаты – жөнгө салуу саясаты болуп эсептеленет эле, себеби мамлекетибиздин максаты чет мамлекеттин товарларына муктаж болбой, эл талап кылган товарларды мамлекеттин ичинен чыгаруу эле. СССРдин мезгилинде тескерисинче авто унаалар, кийим – кечелер, тамак – аштар чет мамлекеттерге экспорттолчу.

Албетте, Кыргыз Республикасынын андай саясатты колдонууга бүгүнкү күндө шарты жок, элдин муктаждыгын чечүү үчүн мамлекет бай болуш керек, өндүрүштүн бардык тармактары иштеп туруш керек, мамлекеттин казынасынын негизин ички салыктар түзүш керек.

Ошондуктан мамлекетибизде бүгүнкү күндө бажы төлөмдөрүнүн фискалдык милдетине көбүрөөк көнүл бөлүнүүдө. Кыргыз Республикасы бажы биримдигине киргенге чейин «Дордой» базары көп маселени чечип келген, чет мамлекеттен келген товарлардын бир бөлүгү бажы тариздөөсүнөн кийин кайра коңшу жана Епропа мамлекетерине чыгарылып, бажы төлөмдөрү мамлекеттин казынасында калып калаар эле. Себеби Кыргыз Республикасында бажы пошлинасы менен КНС (НДС) төлөмдөрүнүн ставкалары төмөн эле. Кыргыз Республикасы бажы биримдигине мүчө болуп кирип, бирдиктүү бажы тарифин колдонгону, бажы төлөмдөрүнүн саны төмөн түшкөн. 2014 жылы бажы органдары пландык тапшырманы 42 млрд. сомдон ашык аткарса, 2015 жылдын аткарылышы 32 млрд. сомдон бир аз ашыгыраакты түзгөн, башкача айтканда 10 млрд. сомго жоготуу болгон. Төмөнкү таблицаны караныз.

1-Таблица. Кыргыз Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик бажы кызматынын 2011 жылдан 2020 жылга чейинки алынган бажы төлөмдөрү (млрд.сом).

| | 2011 жыл | 2012 жыл | 2013 жыл | 2014 жыл | 2015 жыл | 2016 жыл | 2017 жыл | 2018 жыл | 2019 жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бажы төлөмдөрү | 23,7 | 30,1 | 37,0 | 42,6 | 32,0 | 29,3 | 34,2 | 41,7 | 43.3 |

Дуйнөлүк практиканы алсак, 90 – жылдары Бириккен Араб Эмираты мамлекети (борбору Дубай), «Дордой» базарындай эле, товарды алып, кайра сатуу формасын пайдаланган. Корей, япон техникалары, кытай жана Европа товарлары мына ушул Дубайга башка мамлекеттерден ташылып алынып келинген. Баардык мамлекеттин соодогерлери (биздин мекендеш соодагерлер да) Дубайга барышып, ал жактан товар ташып келишкен. Себеби Бириккен Араб Эмираты мамлекети соодогерлер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берген: төмөнкү бажы төлөмдөрү, инфраструктура, мейманкана, транспорт жана коопсуздук. Ар бир мамлекет мыйзамды өзү кабыл алат жана ал мыйзам эл аралык эрежелерди бузбай туруп, элге жана мамлектке пайда алып келгендей кызмат кылыш керек.

Негизи салык алуу принциптери бардык эле мамлекеттерде бирдей болуу керек. Эгерде товар мамлекеттин ичинде колдонулса гана андан тиешелүү төлөмдөр жана салыктар алынуу керек, ал эми мамлекетке кирген товар ал мамлекетте колдонулбаса, анда ал товардан салык жана башка бажы пошлиналар алынбоо керек. Бул принциптердин аткарылышы өнүккөн мамлекеттерде сөзсүз түрдө талап кылынат. Мисалы, Европа мамлекеттеринде дүкөндөрүнөн кийим кече же башка буюм сатып алып, алардын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

квитанцияларын аэропортто учакка олтураардын астында бажы органдарынын кызматкерлерине көрсөткөн болсоң, товарларыңды жана алардын квитанцияларын текшерип, андагы алынган салыктын, пошлиналардын суммасын сизге.акчалай кайтарып берет. Бул туура принцип. Себеби товар ал мамлекетте колдонбой туруп чыгып бара жатат. Ошол үчүн бажы ишинде атайын «бажы кампасы» деген жол – жобо бар, эгерде товар мекендеш ишкерлерибиз аркылуу чет мамлекеттен товар алынып келинип, ушул «бажы кампасы» жол – жобосуна салынып, кайра «реэкспорт» жол – жобосу менен мамлекетибиздин бажы территориясынан чыгарылып кетсе, киргенде да, чыкканда да эч кандай бажы пошлиналары жана салык төлөмдөрү төлөнбөйт.




2- сүрөт. Бажы төлөмдөрүнүн мамлекеттик казынасына 2011-2019жылдарда түшкөн корсөткүчтөрү (млрд сом менен)

Төмөнкү таблицадан же гистограммадан көрүп жатасыз, 2015 жылы бажы биримдигине киргенден баштап Кыргыз Республикасынын бажы территориясына кирген товардын көлөмү жана ага ылайык алардын бажы баасы эки эсеге жакын төмөндөгөн: 2014 жылы 5.7 млрд. америка долларынын суммасына товар кирип, анын ичинен 4.3млрд. америка долларындагы товардан бажы төлөмдөрү алынган. Таблицаны караныз. Ал эми 2015 жылы кирген товардын көлөмү эки эсеге жакын көлөмгө түшүп кеткен, тактап айтканда 2015 жылы 2,3 млрд. америка долларына товар аз кирип, анын ичинен 2.4 млрд. америка долларындагы товарлардан гана бажы төлөмдөрү алынган. Буга себеп жогоруда айтылгандай бажы тарифинин ставкалары жогорулап, чет мамлекеттен бажы жүктөрү азыраак кирип, Кыргыз Республикасынан товарлар мурдагыдай экспорттолбой калды.

2-Таблица. Кыргыз Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик бажы кызматынын 2011 жылдан 2019 жылга чейинки алынган бажы төлөмдөрү (млрд.сом)

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Импорт болгон товарлардын баасы (млрд. америка доллары менен) | 4.2 | 5.4 | 6.0 | 5.7 | 3.4 | 2.4 | 2.6 | 3.1 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бажы төлөмү төлөнүүчү товарлардын бажы баасы (млрд. америка доллары менен) | 3.0 | 3.8 | 4.3 | 4.3 | 2.4 | 1.6 | 2.0 | 2.5 |
| Алынган бажы төлөмдөрү (млрд. сом менен) | 23.7 | 30.1 | 37.0 | 42.6 | 32.0 | 29.3 | 34.2 | 41.7 |
| Алардын ичинен КНС (кошумча нарк салыгы) | 15.0 | 18.6 | 22.0 | 23.9 | 19.3 | 15.3 | 17.4 | 23.0 |
| Акциздик салык | 1.5 | 2.0 | 3.0 | 4.9 | 3.0 | 0.2 | 0.3 | 0.4 |
| Бажы пошлиналарынын, салыктарынын биримдик ставкасы | 4.9 | 6.9 | 8.4 | 9.5 | 1.9 | 0.2 | 0.6 | 1.5 |
| Импорттук бажы пошлинасы | 2.2 | 2.5 | 2.6 | 3.1 | 3.6 | | | |
| Бажы алымы | | | 0.8 | 0.9 | 0.6 | 0.5 | 0.5 | 0.6 |
| ЕАЭС өлкөлөрүнөн түшкөн импорттук пошлина | | | | | 3.5 | 13.1 | 15.4 | 16.2 |




2-сүрөт. Бажы төлөмдөрүнүн турлорунун: бажы пошлинасынын акциздик жана кошумча нарк салыгынын 2011-2019жылдарындагы көрсөткүчтөрү

**Жыйынтыктоо:** Албетте, бажы төлөмдөрү менен мамлекеттин казынасын толтуруп, Кыргыз Өкмөтүнүн койгон пландык тапшырмаларын толук аткаргандык – бул жакшы көрсөткүч. Ошондой болсо да баарыбыздын негизги максатыбыз пландык тапшырмаларды эле аткарып коюуу эмес, бажы төлөмдөрүнүн башка милдеттерин да колдонуу менен мамлекеттин экономикасынын өнүгүшүнө түрткү берүү, өлкөбүздөгү өндүрүш мекемелеринин бардык тармактарынын иштешин калыбына келтирүү, жумуш орундуктарын сактап калуу жана көбөйтүү, мамлекеттин казынасын ички салык жана башка төлөмдөр менен толтуруу болуп саналат. Ошондой элибиздин керектөө муктаждыгын мүмкүн болушунча мамлекетибиздин ичинде чечүү. Ошондо гана биз мамлекетибиздин стабилдүүлүгүн сактап кала алабыз.

## Адабияттар тизмеси


1. Евразиялык экономикалык биримдигинин Бажы Кодекси [Текст]. - М: 2018.
2. Кыргыз Республикасынын «Бажылык жөнгө салуу» жонгө мыйзамы №5224.04.2019
3. Кыргыз Республикасынын «Бажы тарифи жөнүндө» мыйзамы №173 [Электрондукресурс] Кирүү режими: 30.12.2014 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/111908
4. Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси №230 17.11.2008 [Электрондук ресурс]Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/202445
5. Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык биримдигине кошулуу жөнү ндө келишими 29.05.2014 ж. [Электрондук ресурс] Кирүү режими: http://www.stat.kg/kg/tamozhennyj-soyuz/
6. Евразиялык экономикалык биримдиги келишими боюнча: мүчө мамлекеттер ортос унда импорт бажы пошлиналарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартиби. 29.05.2014 ж. Астана ш. [Элект
7. Давиденко Л.Г. Салыктар жана бажы төлөмдөрү [Текст] / Л.Г.Давиденко. - СПб:ИЦ Интермедия, 2014. - 199 бет.
8. Буваева Н. Эл аралык бажы укугу [Текст]: окуу куралы. / Н. Буваева. - М.: Юрайт,2014. - 376 бет.
9. Кыргыз Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик бажы кызматынын коллегиясынын чечимдери 20.03.2020 ж [Электрондук ресурс] Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/90414?cl=ky-kg
10. Раджапова Н.А. К вопросу по переработке товаровна таможенной территории Кыргызской Республики [Текст] / Н.А. Раджапова, М.У.Шаршенов // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2019. - №2(64). – с. 260-264.
11. Нарынбаев Т.К. Анализ состояния торгово-экономических отношений КР со странами-членами ЕАЭС [Текст] / Т.К.Нарынбаев, К.Ж.Жумабекова // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2018. - №2(60). – с.139-143.